**УДК 82-1(575.2) (04)**

**СЫДЫКОВ Н.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**SYDYKOV N.**
*KNU J.Balasagyn*

# ЛИ БОНУН ПОЭЗИЯСЫ

## Поэзия Ли Бо

## Poetry by Li Bo

***Аннотация:*** *Макалада Ли Бонун акындык ишмердүүлүгү тууралуу сөз жүрөт. Мында анын поэзияга сиңирген эмгеги, акындык чеберчилигинин айрым аспектилери ачылып берилет. Макала адабият таануучуларды, кытай поэзия сүйүүчүлөрүн кызыктырат деген ишенимдебиз.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет о творчестве Ли Бо. Раскрываются некоторые аспекты его творчества, поэтического мастерства. У статья будет интерестна не только для литератураведов, но и любителей китайской поэзии.*

***Abstract:*** *The article discusses the ideas of Li Bo's poetry activites. Some aspects of his activity in the field of his poetic skill are revealed here. We are sure that the article will interestliterary critics, poetic love.*

***Урунттуу сөздөр:*** *акын, тан адабияты, мекен, пейзаж, тоо, суу, трагедия, көркөммурас.*

***Ключевые слова:*** *поэт, танская литература, родина, пейзаж, горы, вода, трагедия, художественное наследие.*

***Keywords:*** *poet, tang literature, home land, scenery, the mountains, water, tragedy, artistic heritage*

618-жылдан тартып, Кытайда дээрлик үч жүз жылды өз ичине камтыган Тан династиясынын башкаруусу башталат. Дыйкандар көтөрүлүшүн басып, династия бийликке келген. Тан императорлору жаңы мамлекеттин калыптанышынын башталышында элдин күчүн туура байкашкан. Династияны негиздөөчүнүн уулу, император Тай-Цзун: “Кайыкты элдин башкаруучусу менен салыштырам, ал эми дарыяны катардагы эл менен салыштырам. Дарыя кайыкты алып жүрүүгө жөндөмдүү, ошондой эле кайыкты аңтарып жиберүүгө да жөндөмдүү” деп айткан.

Өз ара каршылашкан бир нече княздыктардын биригүүсүнүн натыйжасында күч-кубаттуу Тан мамлекети түзүлгөн. Бийлик жалгыз императордун колуна топтолгон. Мамлекеттин борбору миллион калкы бар Чанъань шаарында императордун резиденциясы жайгашкан. Тан мамлекетинин алгачы башкаруучулары өлкөнүн гүлдөшү жөнүндө көптөгөн камкордуктарды көрүшкөн, дыйкандарга казыналык жерлерди бөлүп беришкен, кол өнөрчүлүк

менен соодага ар тараптуу көңүл бурушкан. Ошентип өлкө жүз элүү жыл бейкут, салыштырмалуу бейпил турмушта жашашкан.
Тан адабиятына кайрылганда, баарынан мурда анын башкы жанры-лирикалык поэзияга көңүл бурабыз. Ал өткөндүн уулу жетишкендиктерин өнүктүрдү жана улантты, өзү болуп көрбөгөндөй жогорку бийиктикке көтөрүлдү. Ал эми көптөгөн акындардын ичинен Ли Бо менен Ду Фунун ысымдары бөлүнүп чыгат.
Ли Бонун бүткүл чыгармачылыгы элдин турмушу, анын руху менен тыгыз байланышта өттү. Мындай акындар дайыма өз мезгилинин уулу болушат, ошондуктан алар түбөлүктүү, алар өзүлөрүнүн элдүүлүгүн чоң күч менен билдиришет, жалпы адамзаттык болуп саналышат.
Ли Бо 701-жылы туулган. Жаштайынан эле адамдарга жардам берүү жөнүндө кыялданып, ал өз муунундагы жаштар үчүн таң калаарлык жолду тандап алат: экзаменден кулап калат, үйүнөн чыгып кетет, чоочун жерлерде жашайт, каңып жүрөт, даостук обочо жашоого умтулат. Император өзүнүн сарайына чакырганда ал кырк жашта болот жана ага ханьмин деген академиялык наам берип, урмат-сыйкөрсөтөт. Ли Бо өзүнүн кылган иштерине ишенген акын бойдон калат да, хан сарайдын эрежелерине баш ийбегендиктен, үч жылдан кийин борбор шаарды таштап, каңгып кетет жана Ду Фу, Гао Ши деген акындар менен жолугушат. Ань Лушандагы көтөрүлүш Ли Бонун тагдырына трагикалык таасир тийгизет. Акын токтолгон Лушань аркылуу император Су-цзундун кичүү иниси Ли Линдин аскери өтөт жана Ли Бо ага кызмат кылууга макулдугун берет. Ли Линь такты тартып алууга аракет кылган, ал эми анын жактоочусу катары акын түрмөгө отургузулган. Кийинчерээк ал алыскы Еланга сүргүнгө айдалган. Акынга кечирим берилген. Бул окуядан бир топ мезгил өткөндөн кийин 762-жылы Ли Бо өзүнүн бир тууганы Ли Ян-Биндин үйүндө каза болгон. Ал акындын 900 дөн ашуун ырларын сактап, биздин күндөргө жетүүсүнө чоң салым кошкон. Акындын “Аты жок ыр” деп аталган ырында ак менен каранын, өлүм менен өмүрдүн, жаштык менен карылыктын, жарык менен караңгынын философиялык мааниси ачылып, турмуш карама-каршылыксыз өнүкпөй тургандыгы поэзиянын сырдуу тили менен көркүнө чыгат. Анда эмесе ошол ырды чогуу окуп көрөлүчү:

*Жарык эмне? – Жазмышпы тар,*
*Жаралгандын баарына.*
*Күн да күйгөн, ай да сууган,*
*Тагдырына таарынар.*
*Адамдар да чыр-талашсыз,Күн*
*көрө албайт көрүндү. Же*
*билбейби өмүр жалган, Ак экенин*
*өлүмдүн.*
*Пенлай тоосу бар дейт бийик,*
*Ортосунда деңиздин.*

*Тоонун боору шагын ийген, Токою*
*түр жемиш дейт. Бир мөмөсүн*
*таткан адам, Билбейт эмне*
*карылык.*
*Жашайт дешет кылбай арман,Дайым*
*аруу, дайым*
*Шол тоолорго куштай сызып,*
*Кетсем деген бирөөмүн.*
*Көкөйүнө тийген киши,*
*Көйгөйү бу дүйнөнүн.*

Ал эми “Экспромт”, “Чыгыш тоолорун эстедим” деген ырларында акындын суу, тоо жөнүндө ойлору ачыкка чыгат. Мында агып турган сууну канчалык тоспогун, канчалык бөлүп-буруп ийбегин, ал өзүнүн агып жаткан агымын токтотпойт, жашоосун уланта берет деген ойду айткан. Муну менен жашоонун түбөлүктүүлүгүн, суу сыяктуу агымын токтотпогондугун билдирген. “Экспромт”деген ырын окугандан кийин, жогорудагы айтылган оюбуздун чындыгына толукишенебиз.

*Кылыч менен бөлө чаптым,Агып турган булакты.*
*Өлбөй, этпей, сүйлөп, туйлап,*
*Өжөрлөнүп суу акты.*

*Дем тартпастан, шарап ичтим,Улам куюп дембе-дем.*
*Ич кызыбайт, жүрөктөгүМуң тарабайт эмнеден?*

Ли Бо жазган ырларында сөз болуп жаткан предмет жаратылыш кубулушу жөнүндө гана ойлорун айтып чектелип калбастан, ага карата өз пикирин билдирет же ага кошумча ойлорду киргизет. Буга анын жогорудагы ыры күбө. Акын турмуш агымын суу агымы катары сезет да, канчалык шарап ичпесин, жүрөктөгү муң тарабастыгына, муну менен турмуштун суроолору бүтпөстүгүнө көңүл буруп, окурманга суроо аркылуу кайрылат.Ал суроого бүткүл адамзат байыртадан азыркы күнгө чейин жооп берип бүтө элек.
Мына – Ли Бонун акылмандыгы, көрөгөчтүгү. Ал эми акындын “Чыгыш тоолорун эстедим” деген ыры башкача маанайда, башкача ыңгайда жазылган. Алыста жүрүп, көптөн көрбөй, сагынып калган адамдын чыгыш тоолоруна болгон суктануусу, кусалануусу жаңырып турат.

*Баралекмин көптөн бери,*
*Тоолоруна Чыгыштын.*
*Күлгүн гүлү гүлдөгөндүр...*
*Арасында булуттун.*

*Ай калкылдап барат сүзүп,Дагы кимдер бу түндө.*
*Айды тиктейт ойго түшүп,*
*Айнегинин түбүндө.*

Ооба, Чыгыш тоолорунун сүрү эле, түсү эле канчалык. Анда аруулук да, сулуулук да, тазалык да, бийиктик да бар. Ли Бонун эки ырынын бири эле ушул тоолорго барып такалат. Эңсөөсү да, көксөөсү да тоолор. Тоо-акындын жаны. Ансыз акын жашай албайт. Күнү да, түнү да анын ойлогону-тоо. Тоонун бийиктиги-бул акындын бийиктиги. Дүйнөнү акын тоо аркылуу көрүп, тоо аркылуу сезет. Ошондуктан акындын ырлары да тоо сыяктуу бийик. Бирок акындын тагдыры трагедияга, кайгы-муңга жык толгондугу анын ар бир ырынан, ар бир сабынан толук байкалып турат. Буга жогорудагы ырдын эки куплети толуккүбө десек жаңылышпайбыз.
Ли Бонун ырларды жандуу тилде, элдик ыр “юэфунун” духунда жараткан. Ал өз эне тилинин байлыгын жакшы көргөн, жаратылыштын сулуулугуна, кытайдын басып өткөн тарыхына жана өз мекенинин турмушуна чексиз суктанган жана шыктанган. Стилинин таң калаарлык жөнөкөйлүлүгү жана болуп көрбөгөндөй ачык-айрымдыгы жагынан айырмаланган акындын көптөгөн поэтикалык чыгармалары эң эле окумдуу жана жүрөккө жакындыгы жагынан кытай элинде

азыркы күндө жашоосун улантып келет.Ли Бонун мындай чыгармаларынын катарына “ Бейкут түндөгү ойлор”деген ыры кирет. Ал Кытайда эң сүйүктүү элдик лирикалык ыр катары кеңири жайылтылган.

*Караганда жуурканымды, Айдан түшкөн жол жатат,А балким бул бубакбы?*
*Өзүм жакшы билбедим.*

*Мен башымды көтөрдүм да,*
*Терезеден айды тиктедим. Мен башымды түшүрдүм да,*
*Мекенимди эстедим.*

Көркөм адабият, анын ичинде поэзия ар дайым адам, анын тагдыры, махабаты тууралуу, жаратылышка карата мамилеси тууралуу маселелерди, тактап айтканда, түбөлүктүү темалардын, бардык мезгилдин жана элдердин акындарынын атам замандан бери келаткан толкундаткан маселелерин чечүүгө аракеттенип келет. Ли Бо жана анын көп сандаган тууроочулары да жогорудагы жол менен келишет. Алардын лирикасы турмуштун илебине бөлөнгөн кытай искусствосунун алтын кылымы аталган Тан доорунда жанданды жана гүлдөдү десек болот. Ли Бо өзүнүн ырларында кылдат сезимдерди, араң байкалган кайгыруу же кубанууларды чагылдырууга жетишкен.

Ли Бонун лирикалык ырлары үчүн жөнөкөйлүк, ойлордун кыскалыгы, түшүнүктүүлүгү мүнөздүү.

*Агып жаткан суу үстүндө,*
*Күзүндөгү ай турду.*
*Ал эми түштүк көлүндө, Тынчтык жана бейкутттук.*

*Лотос каалайт айтууну,*
*Кандайдыр нерсе кайгылуу.*
*Кайгы-капа мен сүйгөн,*
*Толсунчу деги жан дүйнөм.*

Өз замандаштары аны “асмандан түшкөн өлбөс-өчпөс келгин” деп атагандай, Ли Бонун патриоттук чыгармачылыгы улуу кытай элин өз өлкөсүн сүйүүгө тарбиялады жана поэзиянын кийинки кылымдардагы өнүгүшүнө таасирин тийгизди. Кытай поэзиясын ардактаган анын көркөм мурасы азыркы окурмандарга өзгөчө кымбат жана жүрөгүнө жакын.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Алексеев В.М. Китайская литература. - М., 1978.
2. Соронин В., Эйдлин Л. Китайская литература. - М, 1962.
3. Федеронко Н.Т. Проблемы исследования китайской литературы. – М. 1934.
4. Фишман О.Л. Ли Бо: Жизнь и творчество. - М, 1958.
5. Коллектив. История всемирный литературы, т.1. - М, 1986.


***Рецензент: Акматова В.С.*** - *филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагынатындагы КУУнун Манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасынын башчысы.*